КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ | **КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2021-жылдын 15-июлу, № 78

Улуттук квалификациялык кеңеш жөнүндө

Кесиптик билим берүү системасынын жана эмгек рыногунун макулдашылгандыгын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын алкагында, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Улуттук квалификациялык кеңеш 1-тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

2. Улуттук квалификациялык кеңеш жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 193 “Кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча улуттук кеңеш жөнүндө” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 1-июлундагы № 395 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” токтомунун “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор” тиркемесинин 28-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 20-октябрындагы № 684 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 193 “Кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча улуттук кеңеш жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.А.Марипов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ | **КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 15 июля 2021 года № 78

О Национальном квалификационном совете

В целях обеспечения согласованности системы профессионального образования и рынка труда, в рамках Национальной стратегии развития Кыргызской Республики на 2018–2040 годы, утвержденной Указом Президента Кыргызской Республики от 31 октября 2018 года № 221, в соответствии со статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Создать Национальный квалификационный совет в составе согласно приложению 1.

2. Утвердить Положение о Национальном квалификационном совете согласно приложению 2.

3. Признать утратившими силу:

1) постановление Правительства Кыргызской Республики «О Национальном совете по развитию профессиональных навыков» от 23 марта 2012 года № 193;

2) пункт 28 приложения «Изменения и дополнения в некоторые решения Правительства Кыргызской Республики» к постановлению Правительства Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в некоторые решения Правительства Кыргызской Республики» от 1 июля 2013 года № 395;

3) постановление Правительства Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики «О Национальном совете по развитию профессиональных навыков» от 23 марта 2012 года № 193» от 20 октября 2017 года № 684.

4. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Председатель **У.А.Марипов**

1-тиркеме

Улуттук квалификациялык кеңештин курамы

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары, Кеңештин төрагасы;

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министринин биринчи орун басары, Кеңештин төрагасынын орун басары;

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр жай министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын инвестициялар министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын улук вице-президенти (макулдашуу боюнча);

"Союзтекстиль" текстилдик өнөр жай ишканалар союзу" юридикалык жактар союзу юридикалык жактардын бирикмесинин президенти (макулдашуу боюнча);

"Био-KG" (Био-Кей Джи) органикалык кыймыл ассоциациясы – федерациясы" юридикалык жактардын бирикмесинин президенти (макулдашуу боюнча);

"Кыргыз Республикасынын тоо-кен өнөр жай кызматкерлеринин жана геологдорунун ассоциациясы" коомдук бирикмесинин төрагасы (макулдашуу боюнча);

"Кыргыз Республикасынын Куруучулар союзу" юридикалык жактардын бирикмесинин төрагасы (макулдашуу боюнча);

"Байланыш операторлору ассоциациясы" юридикалык жактардын бирикмесинин төрагасы (макулдашуу боюнча);

Кыргызстан профсоюздар федерациясынын өкүлү (макулдашуу боюнча);

"Легпром" Кыргыз Республикасынын жеңил өнөр жай ишканаларынын ассоциациясы" юридикалык жактардын бирикмесинин директору (макулдашуу боюнча);

"Коомдук тамактануу ишканаларынын ассоциациясы" юридикалык жактардын бирикмесинин директору (макулдашуу боюнча);

Приложение 1

Состав Национального квалификационного совета

Заместитель Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики, председатель Совета;

первый заместитель министра здравоохранения и социального развития Кыргызской Республики, заместитель председателя Совета;

заместитель министра образования и науки Кыргызской Республики;

заместитель министра экономики и финансов Кыргызской Республики;

заместитель министра сельского, водного хозяйства и развития регионов Кыргызской Республики;

заместитель министра транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики;

заместитель министра энергетики и промышленности Кыргызской Республики;

заместитель министра инвестиций Кыргызской Республики;

заместитель министра цифрового развития Кыргызской Республики;

старший вице-президент Торгово-промышленной палаты Кыргызской Республики (по согласованию);

президент Объединения юридических лиц Союз юридических лиц «Союз предприятий текстильной промышленности «Союзтекстиль» (по согласованию);

президент Объединения юридических лиц «Ассоциация – Федерация органического движения «Био-KG» (Био-Кей Джи) (по согласованию);

председатель Общественного объединения «Ассоциация горнопромышленников и геологов Кыргызской Республики» (по согласованию);

председатель Объединения юридических лиц «Союз строителей Кыргызской Республики» (по согласованию);

председатель Объединения юридических лиц «Ассоциация операторов связи» (по согласованию);

представитель Федерации профсоюзов Кыргызстана (по согласованию);

директор Объединения юридических лиц «Ассоциация предприятий легкой промышленности Кыргызской Республики «Легпром» (по согласованию);

директор Объединения юридических лиц «Ассоциация предприятий общественного питания» (по согласованию);

директор Объединения юридических лиц «Ассоциация ведущих рестораторов и отельеров» (по согласованию);

“Алдыңкы рестораторлордун жана отельерлердин ассоциациясы” юридикалык жактардын бирикмесинин директору (макулдашуу боюнча);

“Программалык камсыздоону жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуучулардын Кыргыз ассоциациясы” юридикалык жактардын бирикмесинин аткаруучу директору (макулдашуу боюнча);

Бизнес-ассоциациялардын улуттук альянсынын катчылыгынын жетекчиси (макулдашуу боюнча);

“Кыргыз КНАУФ маркетинг” жоопкерчилиги чектелген коомунун Ресурстук борборунун жетекчиси (макулдашуу боюнча);

“Түндүк электр” ачык акционердик коомунун окуу борборунун начальниги (макулдашуу боюнча).

исполнительный директор Объединения юридических лиц «Кыргызская ассоциация разработчиков программного обеспечения и услуг» (по согласованию);

руководитель Секретариата Национального альянса бизнес-ассоциаций (по согласованию);

руководитель Ресурсного центра общества с ограниченной ответственностью «Кыргызский КНАУФ маркетинг» (по согласованию);

начальник учебного центра открытого акционерного общества «Северэлектро» (по согласованию).

2-тиркеме

Улуттук квалификациялык кеңеш жөнүндө жобо

1. Жалпы жоболор

1. Улуттук квалификациялык кеңеш (мындан ары – Кеңеш) консультациялык-кеңешме орган болуп саналат.

2. Кеңеш өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

2. Кеңештин максаты, негизги милдеттери, функциялары жана укуктары

3. Кеңештин ишинин максаты мамлекеттик органдардын, иш берүүчүлөрдүн, мамлекеттик жана жеке менчик билим берүү мекемелеринин, өкмөттүк эмес уюмдардын жана жергиликтүү коомдоштуктардын улуттук квалификациялар системасын өнүктүрүүнү пландоо, киргизүү жана мониторинг жүргүзүү боюнча ишин координациялоо болуп саналат.

4. Кеңештин негизги милдеттери:

- улуттук квалификациялар системасын ишке ашырууну камсыздоо;
- улуттук квалификациялар системасына байланышкан ишке мониторинг жүргүзүү жана баалоо;
- Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн артыкчылыктуу болуп саналган кадрларды даярдоонун негизги багыттарын аныктоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- улуттук квалификациялар системасын киргизүүгө тартылган субъекттер менен кызматташуу жана колдоо көрсөтүү жана кесиптик билим берүүнүн сапатын камсыздоо;
- улуттук квалификациялар системасынын маселелери боюнча улуттук жана эл аралык деңгээлде консультацияларды координациялоо;
- улуттук квалификациялар системасын киргизүү боюнча иштерди жүргүзүүгө тартылган субъекттердин персоналын окутуу максатында чараларды көрүү;
- Кыргыз Республикасынын улуттук квалификациялар системасын ишке ашыруу процессине тартылган субъекттер менен, анын ичинде эл аралык уюмдар жана органдар, башка өлкөлөрдүн мекемелери менен кызматташуу.

5. Кеңештин функциялары:

1) координациялоочу – улуттук квалификациялар системасынын элементтерин комплекстүү өнүктүрүү боюнча бардык кызыкдар тараптардын (мамлекеттик органдар, эмгек рыногунун өкүлдөрү, билим

Приложение 2

Положение
о Национальном квалификационном совете

1. Общие положения

1. Национальный квалификационный совет (далее – Совет) является консультативно-совещательным органом.

2. В своей деятельности Совет руководствуется Конституцией Кыргызской Республики, нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, международными договорами, вступившими в силу в установленном законодательством порядке, участницей которых является Кыргызская Республика, а также настоящим Положением.

2. Цель, основные задачи, функции и права Совета

3. Целью деятельности Совета является координация деятельности государственных органов, работодателей, государственных и частных образовательных учреждений, неправительственных организаций и местных сообществ по планированию, внедрению и мониторингу развития национальной системы квалификаций.

4. Основные задачи Совета:

- обеспечение реализации национальной системы квалификаций;
- мониторинг и оценка деятельности, связанной с национальной системой квалификаций;
- выработка предложений по определению основных направлений подготовки кадров, являющихся приоритетными для экономики Кыргызской Республики;
- сотрудничество и оказание поддержки субъектам, вовлеченным во внедрение национальной системы квалификаций, и обеспечение качества профессионального образования;
- координация консультаций на национальном и международном уровнях по вопросам национальной системы квалификаций;
- принятие мер с целью обучения персонала субъектов, вовлеченных в осуществление работы по внедрению национальной системы квалификаций;
- сотрудничество с субъектами, вовлеченными в процесс реализации национальной системы квалификаций Кыргызской Республики, включая международные организации и органы, учреждения других стран.

5. Функции Совета:

1) координирующая – обеспечение взаимодействия между всеми заинтересованными сторонами (государственные органы, представители рынка труда, провайдеры образовательных услуг, международные организации и др.) по комплексному развитию элементов национальной

берүү кызматтарын көрсөтүүнүн провайдерлери, эл аралык уюмдар ж.б.) ортосунда өз ара аракеттенүүнү камсыздоо, жол-жоболордун макулдашылгандыгын жана ачык-айкындуулугун, алардын эл аралык методикалар менен салыштырмалуулугун жана региондук, трансулуттук эмгек рынокторунда квалификацияларды таанууну камсыздоо;

2) методикалык – натыйжалардын салыштырмалуулугу үчүн улуттук квалификациялар системасынын элементтерин (тармактык/сектордук алкактар, кесиптик стандарттар, баалоо каражаттары ж.б.) иштеп чыгуу;

3) окутуучу – улуттук квалификациялар системасынын элементтерин иштеп чыгууга тартылган субъекттерди окутууну координациялоо жана колдонуу;

4) маалыматтык – калк үчүн маалыматтарды жайылтууну уюштуруу, улуттук квалификациялар системасын өнүктүрүү боюнча методологиялык жана ченемдик документтерге жетүүнү камсыздоо.

6. Өзүнүн милдеттерине ылайык Кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине улуттук квалификациялар системасынын иш-чараларын жана кесиптик билим берүү жана окутуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу маселелери боюнча сунуштарды киргизүүгө;

- улуттук квалификациялар системасын, бардык деңгээлдеги кесиптик билим берүү жана окутуу программаларын натыйжалуу интеграциялоо, координациялоо жана өнүктүрүүгө мониторинг жүргүзүү үчүн жумушчу топторду түзүүгө;

- иш берүүчүлөр бирикмелеринин жыйналыштарын уюштурууга;

- Кеңештин жыйналыштарына катышуу үчүн министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка уюмдардын өкүлдөрүн, көз карандысыз эксперттерди чакырууга;

- Кеңештин компетенциясына кирген маселелер боюнча мамлекеттик органдар жана коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенүүгө;

- иш берүүчүлөрдүн тармактык бирикмелерин түзүүгө көмөк көрсөтүүгө;

- кесиптик билим берүүнүн жана окутуунун квалификациялык түзүмү маселелери боюнча сунуштарды кароого жана киргизүүгө;

- колдонмолорго сунуштарды жана компетенцияларга негизделген стандарттарды, окуу программаларын жана материалдарды иштеп чыгуу, программаларды каттоо жана аккредитациялоо системасынын, анын ичинде баалоо жана сертификациялоо системасынын жол-жоболорун кароого жана киргизүүгө.

3. Кеңештин ишин жүргүзүү тартиби

7. Кеңешке төрага – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары жетекчилик кылат, ал Кеңештин

системы квалификаций, обеспечение согласованности и прозрачности процедур, их сопоставимости с международными методиками и признания квалификаций на региональном и транснациональном рынках труда;

2) методическая – разработка элементов национальной системы квалификаций (отраслевых/секторальных рамок, профессиональных стандартов, оценочных средств и др.) для сопоставимости результатов;

3) обучающая – координация обучения субъектов, вовлеченных в разработку и применение элементов национальной системы квалификаций;

4) информационная – организация распространения информации для населения, обеспечение доступа к методологическим и нормативным документам по развитию национальной системы квалификаций.

6. В соответствии со своими задачами Совет имеет право:

- вносить предложения в Кабинет Министров Кыргызской Республики по вопросам реализации мероприятий национальной системы квалификаций и государственной политики в сфере профессионального образования и обучения;

- создавать рабочие группы для эффективной интеграции, координации и мониторинга развития национальной системы квалификаций, программ профессионального образования и обучения всех уровней;

- организовывать заседания объединений работодателей;

- приглашать для участия в заседаниях Совета представителей министерств, государственных комитетов и административных ведомств, местных государственных администраций, органов местного самоуправления, общественных и других организаций, независимых экспертов;

- взаимодействовать с государственными органами и общественными организациями по вопросам, отнесенным к компетенции Совета;

- содействовать созданию отраслевых объединений работодателей;

- рассматривать и вносить предложения по вопросам квалификационной структуры профессионального образования и обучения;

- рассматривать и вносить предложения в руководства и процедуры системы разработки стандартов, учебных программ и материалов, основанных на компетенциях, регистрации и аккредитации программ, в том числе системы оценки и сертификации.

3. Порядок осуществления деятельности Совета

7. Совет возглавляет председатель – заместитель Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики, который руководит деятельностью Совета, председательствует на заседаниях, утверждает план и регламент работы Совета.

8. Заседания Совета проводятся не реже одного раза в квартал и считаются правомочными, если на них присутствует не менее двух третей общего числа его членов.

ишин жетектейт, анын жыйналыштарында төрагалык кылат, Кеңештин иш планын жана регламентин бекитет.

8. Кеңештин жыйналыштары кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт жана анын мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса укуктуу болуп эсептелет.

9. Кеңештин мүчөлөрү Кеңештин иши, кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалымат ала алышат, ошондой эле Кеңештин компетенциясынын чегинде бардык маселелерди талкууга киргизе алышат.

10. Кеңештин мүчөлөрү жыйналышта каралуучу маселелерди талкуулоодо бирдей укукка ээ.

Кеңештин чечимдери жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат, мында ар бир мүчө бир добуш укугуна ээ. Добуштар бирдей болуп калган учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

11. Кеңештин катчылыгы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги болуп саналат.

12. Кеңештин катчылыгы:

- Кеңештин жыйналыштарынын күн тартибин түзөт;
- Кеңештин жыйналышында кароо үчүн кызыкдар тараптардан сунуштарды чогултат;
- Кеңештин чечимдеринин аткарылышына мониторинг жүргүзөт;
- Кеңештин ишине тартылган адистердин жана эксперттердин ишин координациялайт;
- жумушчу топторду уюштуруу жана түзүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат жана Кеңештин кароосуна киргизет;
- кадрларды даярдоо чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды киргизет;
- стандарттар, окуу программалары жана материалдар, программаларды каттоо жана аккредитациялоо, баалоо жана сертификациялоо системасын иштеп чыгуунун инструменти катары стратегияларды, колдонмолорду жана жол-жоболорду Кеңештин кароосуна жана жактыруусуна киргизет;
- өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде башка функцияларды аткарат.

13. Кеңештин жыйналышын даярдоо жана өткөрүү, тиешелүү документтерди, материалдарды даярдоо жана Кеңештин жыйналышынын протоколун тариздөө боюнча иштерди уюштурууну Кеңештин катчы-референти жүргүзөт. Катчы-референттин милдеттери Катчылыктын штаттык кызматкерлеринин бирине кошумча акы төлөөсүз жүктөлөт. Катчы-референт Кеңештин мүчөсү болуп эсептелбейт.

14. Кеңештин чечимдери протоколдор менен тариззделет, ага төрага кол коёт жана тиешелүү министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге жана административдик ведомстволорго, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, коомдук жана башка уюмдарга жиберилет.

9. Члены Совета могут получать информацию о деятельности Совета, принятых решениях, а также вносить на обсуждение любые вопросы в пределах компетенции Совета.

10. Члены Совета обладают равными правами при обсуждении рассматриваемых на заседании вопросов.

Решения Совета принимаются простым большинством голосов, где каждый член обладает правом одного голоса. В случае равенства голосов, голос председателя является решающим.

11. Секретариатом Совета является Министерство здравоохранения и социального развития Кыргызской Республики.

12. Секретариат Совета:

- формирует повестку заседаний Совета;
- осуществляет сбор предложений от заинтересованных сторон для рассмотрения на заседании Совета;
- проводит мониторинг выполнения решений Совета;
- координирует работу привлеченных к деятельности Совета специалистов и экспертов;
- разрабатывает и вносит на рассмотрение Совета предложения по организации и созданию рабочих групп;
- вносит предложения по развитию сферы подготовки кадров;
- вносит на рассмотрение и одобрение Совета стратегии, руководства и процедуры, как инструменты разработки системы стандартов, учебных программ и материалов, регистрации и аккредитации программ, оценки и сертификации;
- выполняет иные функции в рамках своих полномочий.

13. Организацию работы по подготовке и проведению заседаний Совета, соответствующих документов, материалов и оформление протокола заседания Совета осуществляет секретарь-референт Совета. Обязанности секретаря-референта возлагаются на одного из штатных сотрудников Секретариата без дополнительной оплаты. Секретарь-референт не является членом Совета.

14. Решения Совета оформляются протоколами, подписываемыми председателем, и направляются в соответствующие министерства, государственные комитеты и административные ведомства, местные государственные администрации, органы местного самоуправления, общественные и другие организации.

4. Прекращение деятельности Совета

15. Основанием для прекращения деятельности Совета является решение Кабинета Министров Кыргызской Республики.

---

4. Кеңештин ишин токтотуу

15. Кеңештин ишин токтотуу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими негиз болуп саналат.